| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясынын**

**№ 11 ТОКТОМУ**

31.01.2025-жыл Арал айылы

**Атай айыл аймагына сырттан кирген малдын санын тактоо жөнүндө**

Атай айыл аймагындагы жайыттар деградацияга учурап жаткандыгына байланыштуу, жайыттарды жакшыртуу максатында Атай айыл аймагына сырттан келген малдын санын тактоо боюнча айыл өкмөт башчы А.К.Жаныбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясы **токтом кылат:**

1. Атай айыл аймагындагы жайыттардын сырттан малдын көп келишинен улам жайыттары деградацияга учурап жаткандыгына байланыштуу жана Атай айыл аймагындагы малдардын ветеринардык-санитардык эрежелерин сактоо, жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында Атай айыл аймагынын Көк-Арт участкасына пост коюлуп, нөөмөт уюштурулсун жана сырттан кирген мал Атай айыл аймагынын жайыт билети менен киргизилсин.

2. Нөөмөт уюштуруу жагы "Атай" муниципалдык ишканасынын директору М.Шабданбековко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке жана айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Муса уулу Жанайга тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**